# Протокол №1

**Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директордун алдындагы кеңешмесинин көчүрмөсү** 28.09.2018-жыл

Катышканы: 29 мугалим

Каралуучу маселелер:

1. Китепканачынын маалыматы, окуучулардын китеп менен камсыз болушу.
2. 5-а, 5-б класстарынын билим сапатын жазуу түрүндө текшерүү.
3. Старттык текшерүүлөрдүн жыйынтыгы
4. Класстык журнал, күндөлүктөрдү текшерүү, дежурсстволун уюштурулушунун жыйынтыгы.

Кеңешменин жүрүшү:

Кеңешмени мектептин директору ачып, каралуучу маселелер менен тааныштырды.

Мектептин китепканачысы И.С.Бозумова 1-маселе боюнча сөз берди:

Угулду : „2018-2019-окуу жылы 1-11-класстарга 4032 китеп таратылды.

Жалпы китептердин саны – 11576,

Адабий китептер -3732,

Окуу китептер-7844,

Билим берүү министерствосунан келген китептердин саны -519

Жетпеген китептердин саны- 437, орус кл- 91%, кыргыз кл- 89%( маалымдама тиркелет)

Сунуш: 1. Таратылган китептерди сырттап колдонулушуна көңүл бурушса,

2. Китепканага төмөнкү класстар китеп алып окулат, жогорку класстардын китепканадан адабий китептерди алышын окуусуна предметтик мугалимдер көзөмөл кылса,
3. Класс жетекчилер окуу жылынын аягына чейин таза сакталышына көңүл бурса.

Жарыш сөздөр:

Кармышова А. – орус класстарда химия китеби жетишпейт. Камкоорчулар кеңешина кайрылдык,бирок таппай келди.

Сулайманова Г.Б. -5-класстардын китептери жаңы программа боюнча келе элек. Интернеттен алып даярданып жатабыз.

Айткулуева К. – жогорку класстар китепканадан китеп алышын сунуштайт. Кошумча китептерден окуйлу десек, „интернеттен алабыз" деп жооп беришет.

Оторбаева Г.М. –китеп окуган окуучу жок деп отура бербей класстык сааттарда класс жетекчилер китепканадан китеп алып, окуп жатабы текшерип койсоңор. Канча адабий китеп окудуң деп сурап көзөмөл кылса окуганга аракет кылат. Жетишпеген китептерди камкоорчулар кеңешине буйрутма бергенбиз.

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат.

1. Окуучулар китептерин сырттап, таза колдонушуна класс жетекчилер көңүл бурушсун.
2. Окуучулардын адабий китептерди окуп, китепкана менен тыгыз байланыш түзүү жана предметтик мугалимдерге, класс жетекчилерге милдеттендирилсин
3. Китепканада окуу конференцияларына жана башка иш-чараларды өткөрүү жагы китепканачыга жүктөлсүн.

Каралуучу 2-маселе боюнча мектептин окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Сулайманова Г.О.го сөз берилди:

Угулду: 17.09-21.09 мезгилде 5-а,б класстарында жазуу иштери алынды.

Төмөндөгүдөй жыйынтыктар болду: ( маалымдама тиркелет)

Сунуш: 1. Жетишпеген окуучулар менен жекече иштөө зарыл

2. Кол жазмаларын ондоо
3. Жазуу иштерин тез-тезден алып туруугa жана бааларды өз убагында коюшса.

Жарыш сөздөр:

Оторбаева Г.М. -4-классты аяктап жатканда текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча жетишпенен окуучулар менен жекече иш жүргүзүү боюнча токтом кабыл алынган эле, бирок иш жакшы жүргөн эмес. Себеби, ошондо начар окуган балдар азыр деле ошондой эч жылыш жок.

Математикадан маселенин шартын жазганда жакшы билишпейт.

Көбөйтүүнүн таблицасын алты окуучу билбейт. Кол жазмалары дагы начар.

Башталгыч класстан жакшы жазганды, окуганды ошондой эле математикадан көбөйтүүнүн таблицасын үйрөтсөнөр.

Тентимишова Г. -5-класста ар биринин кандай жазат кол жазмага убакыт жетпейт көнүл бурганга.

Таза жазуу деген бар, ошону колго алсаңар. Жат жазууну көпчүлүгү жаза албайт.

Фундаменттти силер жакшы курсаңар жогорку класста жеңил болот.

Айткулуева К. –башталгыч класста бааны көтөрүп коесуңар.

Отличник, ударник көп чыгарасыңар, 5-класска келгенде эле отличник ударник болот, ударник „3" кө түшүп калат.

Жогорку айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. 5-а,б –класстардын билим сапаты канааттандырарлык деп баалансын,
2. Башталгыч класстын мугалимдерин жат жазуулардын үстүнөн иштөөнү , начар окуучулар менен жекече иштөөнү колго алышсын!
3. 5-класстарга берген предметтик мугалимдер начар окуучулар менен жекече иштеп, балдардын билим сапатын көтөрүү жагы милдеттендирилсин!

Каралуучу 3-маселе боюнча Сулайманова Г.О. билдирүү жасады: старттык текшерүүнүн жыйынтыгы тиркелет.

Чечим:

1. Окуучунун билимин баалоодо көтөрмөлөбөй туура баалоо жагын колго алышсын.
2. Жазуу иштери программа менен дал келгендей болсун жана текшерүү иштер өз убагында алынып, өз убагында өткөрүү жагы милденттендирилсин.
3. 2-3-маселеге карата чыгарылган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сулайманова Г.О жүктөлсүн!

Каралуучу 4-маселе боюнча мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Сулайманова Г.О сөз берилди:

Журналдардын толтурулушу кемчиликтери боюнча маалымат берди( тиркелет)

Сунуш: 1. Журнал өз убагында так, инструкциясы менен толтурулсун.

2. Ар бир жаш мугалим насаатчы менен бирдикте журналды толтуруусу зарыл.

3. Кетирген кемчиликтер тез арада жоюлсун.

4. Төмөнкү мугалимдерге эскертүү берилсин:

Башталгыч класстын мугалимдерине: Бейшембаева А.

Сариева Ч. , Кудайкулова С. , Турганбекова Э.

Тарбия иштери боюнча директордун орун басары Карагулова А.А. сөз берилди:

Күндөлүктөрдүн колдонулушу, толтурулушу боюнча маалымат берди( маалымдама тиркелет)

Сунуш: 1. Класс жетекчилер окуучулардын күндөлүктөрүнө өз убагында тапшырмаларын жазылышын көзөмөлдөөсүн

2. класс жетекчилер предметтик сабактардын баасын коюлушу ар жума сайын текшерип турушсун.

Жарыш сөздөр:

Г.М.Оторбаева- журнал эң негизги документ. Убагы менен инструкция боюнча толтурулушу керек. Өз убагы менен бааларды коюп, тапшырма жазганга убакыт бөлүү керек.

Журнал кандай документ болсо, окуучу күндөлүгү деле документ болуп эсептелет. Жогорку класстын окуучулары күндөлүк колдонгонду, толтурганды билбейт.

Кээ бир окуучуларда эмгиче күндөлүк жок дейт. Эң начар күндөлүк 7-б, 11-б класстар. Класс жетекчилер колго алып, ирээтке келтиргиле. Кеңешме токтом кылат:

Чечим:

1. Журналдарды инструкциясы менен толтуруу ар бир мугалимге милдеттендирилсин.
2. Өз убагында толтурбаган мугалимдер б.а. төмөнкү мугалимдерге эскертүү берилсин:

Башталгыч класстын мугалимдери Бейшембаева А.

Сариева Ч. , Кудайкулова С. , Турганбекова Э.

3. Күндөлүктөрдүн толтурулушуна, өз убагында баа коюлушуна жума сайын көзөмөл кылуу класс жетекчилерге милдеттендирилсин. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сулайманова Г.О, Карагулова А.А жүктөлсүн.

**Мектеп директору:** **Г.М.Оторбаева**

**Катчы:** **М.Жунушова**

# Протокол №2

**Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директорунун алдындагы кеңешмесинин көчүрмөсү** 2018-жыл декабрь айы

Катышканы -29 мугалим

Каралуучу маселе:

1. Орус тил, чет тил сабактарынын берилишинин текшерүүлөрүнүн (Сулайманова Г.О. )
2. Математика, физика, химия сабактарынын берилишинин жыйынтыгы (Г.М.Оторбаева)
3. 9-а,б- класстардын жалпы текшерүүнүн жыйынтыгы (методисттер, Сулайманова Г.О)
4. Мектеп ичинде өткөрүлгөн предметтик олимпиаданын жыйынтыгы

Кеңешменин жүрүшү:

Мектептин директору кеңешмени ачып, каралуучу 1- маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары –Сулайманова Г.О сөз берилди: маалымдаманы окуду( тиркелет)

Сунуш: 1. жат жазууларды системалуу түрдө алуу бир эле орус тилден эмес, чет тилден алышсын. 2. Окутуу орус тилдеги окуучулардын сүйлөө кебин өнүктүрүү жагы колго алынсын.

3.Сабакты начар өздөштургөн окуучулар менен жекече иш алып баруу колго алынсын.

4. Сабактын бышыктоо бөлүмүнө өзүнчө көнүл бурулсун.

Жарыш сөздөр:

Оторбаева Г. –Окуучулардын сүйлөө речине көңүл бурсаңар, ошондой эле кол жазмаларына ( колиграфиясына) өз убагы менен дептерлерин текшерип турсаңар.

Сабак берүүдө көрсөтмөлүүлүк менен өткүлө

Кармышова А. –Кээ бир окуучулар башкача айтканда 6-7-класстар дептердин сыртын туура жаза алышпайт.

Жат жазууларды көп алса ката жазбай калат беле, көңүл бурсаңар.

Айткулуева К. –Иш кагаздарды баңкача айтканда ( арыз, түшүнүк кат) жазганды 11-класстын окуучулары деле билбейт.

Жогоруда маалымдама, талкуулардын негизинде кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Мектепте чет тил, орус тил сабактарынын берилишин канааттандырарлык деп бааланcын.
2. Орус тил, чет тил мугалимдерине жазуу иштерине, кол жазмаларына иш кагаздарды ( арыз, түшунүк кат) туура жазууну колго алсын.
3. Шыктуу, начар окуучулар менен үзгүлтүксүз иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.

Каралуучу 2-маселе боюнча мектептин директору төмөнкүдөй маалымдама окуду( тиркелет)

Сунуш: Эмгек тажрыйбасы аз Сулайманова Г.Б. , Окишева Г.И. өз билимин өркүндөтүүнү колго алуу керек.

Тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына үзгүлтүксүз кирүүнү колго алуу.

Жарыш сөздөр:

Кармышова А. – Химия сабагында практикалык иш өтүлөт. Кээ бир учурда өткөнгө мүмкүнчүлүк жок.

Кенжегулова Г. –Лабараторияда анча көп куралдар жок. Көпчүлүк учурда иштейбиз.

Бозумов С. – Математика, химия, физика сабактарын негизинен көпчүлүк окуучулар түшүнө бербейт. Ар бир класста 2-3 окуучу эле жакшы өздөштүрөт. Тест менен көбүрөөк иштөө керек. Кеңешме чечим кылат:

Чечим:

1. Математика , физика, химия сабактарынын берилишин канааттандырарлык деп бааланcын.
2. Тажрыйбасы аз мугалимдер Сулайманова Г.Б. , Окишева Г.И. өз билимин өркүндөтүп, тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына кирүү милдеттендирилсин.
3. Жалпы эле предметтик мугалимдерге ЖРТ, олимпиададан шыктуу балдардын райондо, областка алдыңкы орундарга чыгаруунун үстүндө иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.

Каралуучу 3-маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Сулайманова Г.О. сөз берилди: 9-а,б класстардын жалпы окуу тарбия иштери боюнча маалымдаманы окуду.(маалымдама тиркелет)

Жыйынтык: 1. Окуучулардын жазуу дептерлери, класстык журналдары системалуу текшерилип турат.

2. Сабакта начар өздөштургөн окуучулар менен предметтик мугалимдер тарабынан жекече системалуу түрдө иш алынып барылбайт.

3. Салттык жана интерактивдик усулдарды айкалыштырып өтүү менен окуучулардын иш-аракетин активдештирген мугалимдер: Тентимишова Г.А. , Кенжегулова Г.А. , Карагулова А.А.

Сунуш: 1. Ар бир предметтик мугалим окуучулар менен интерактивдүү ыкмалар аркылуу билим сапаттарын жогорулатуусу зарыл.

2. Жаш мугалимдер тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына көп кирип, сабак берүү ыкмаларына көңүл буруусу керек.

3. Сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен жекече иш алып баруусу системалуу түрдө өтүлсүн.

4. Окуучулардын сабакка катышуусун класс жетекчилер жөнгө салсын.

5. Класс жетекчилер тарабынан окуучулардын сүйлөө маданиятына, жүрүш-турушуна өзгөчө көңүл бурулсун.

Тарбия иштери боюнча директордун орун басары Карагулова А.А. сөз берилди. ( маалымдама тиркелет)

Сунуш: 1. 9-а,б класстын күндөлүктөрүн жума сайын класс жетекчилер текшерип туруу.

2. Ар дайым окуу китептерин, күндөлүктөрүн алып келүүсүн жана мектеп формасын кийүүсүн көзөмөлдөө

3. Ата- энелер менен тыгыз байланышта болуп, чогулуштарды өз убагында өткөрүү.

Жогоруда маалымдама, сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. 9-а,б – класска берген предметтик мугалимдерге шыктуу, начар өздөштүргөн окуучулар менен системалуу түрдө иш алып баруу жагы милдеттендирилсин
2. Тажрыйбасы аз Окишева Г.И. , Турганбекова Э. Тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына үзгүлтүксүз катышып, өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иштешсин.
3. Класс жетекчилер ата-энелер менен тыгыз байланышта болуп күндөлүктөрүнүн толтурулушуна, сүйлөө маданиятына, мектеп формаларын кийүүгө көнүл буруу жагы милдеттендирилсин.

Каралуучу 4-маселе мектеп ичинде өткөрүлгөн олимпиаданын жыйынтыгы боюнча Сулайманова Г.О. маалымат берди.( маалымдама тиркелет)

Райондук олимпиадага катышууга 22 окуучу жолдомо алды.

Сунуш: 1. Олимпиаданын материалдары жогорку деңгээлде түзүү, өз мөөнөтүндө бекитүү жана уюшкандыкта өткөрүү.

2. Жыйынтыкты көтөрбөй туура баалоо.

Жарыш сөздөр: Оторбаева Г.М. –Мектеп ичинде өткөрүлгөн олимпиаданын жыйынтыктарын райондук деңгээлде даярдоону колго алышыбыз керек. Билим сапатты көтөрбөсөк болбойт.

Акматканова А. – 3-4-класстардан дагы олимпиада алдык эле. Кичине боюнча балдар толкунданып, аракет кылышты. Билим сапатын көтөргөнгө аракет кылалы.

Кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Мектеп ичинде өткөрүлгөн предметтик олимпиада уюшкандыкта өткөрүлдү, канааттандырарлык деп бааланcын.
2. Алдыңкы орунга чыккан окуучулардын ар бири предметтик мугалим жогорку деңгээлде даярдап райондук олимпиадага алдыңкы орунга жеткирүүгө милдеттендирилсин.

**Мектеп директору:** **Г.М.Оторбаева**

**Катчы:** **М.Жунушова**

## Протокол №3

**Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директорунун алдындагы кеңешмесиинин көчүрмөсү** 2019-жыл 28-февраль

Катышканы -24 мугалим

Катышпаганы 4 мугалим, себептүү

Каралуучу маселе:

1. Кыргыз тили сабагынын берилишинин жыйынтыгы
2. 2-4-класстарынын окуу техникасын текшерүүнүн жыйынтыгы
3. УБ, УК иштеринин жыйынтыгы
4. Китеп фондусун кароо
5. Ар кандай маселелер

Кеңешменин жүрүшү:

Мектептин директору кеңешмени ачып, каралуучу маселе менен тааныштырды.

Каралуучу 1- маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.Сулаймановага сөз берилди.

Угулду: февраль айында кыргыз тили сабагынын берилиши текшерилди. Кыргыз тили, адабияты мугалимдери: Сариева Ч. , Канкулуева Ж. , Тилепбергенова К. Пландары бар. Күндөлүк конспектилер жазылат, программага жетет. Ар бир мугалим чыгармачылык сабактарды өтүштү. Дептерлер убагы менен текшерилип турат. Ар бир чыгармачылык сабакка берилген анализдер тиркелет.

Сунуш: 1. Көркөм окууга жана коллеграфиясына көнүл бурса;

2.Тест алынып, жазуу иштерине көп көнүл бурууну колго алса;

Жарыш сөздөр: Оторбаева Г. – Кыргыз тилчи мугалимдер коомдук иш-чаралдарга активдүү катышсаңар. Көркөм окуу боюнча окуучулар жогорку жактарга чыга албай жатат. Дилбаян жазуу боюнча конкурстар болот. Алардан дагы чыкпай жатат. Чыгармачылык сабактарды жогорку деңгээлде өттүңөр. Сүйлөмдөрдү талдоону окуучулар жакшы өздөштүргөн эмес.

Карагулова А. –Дилбаянды темалар боюнча көп жаздырсаңар. Эл аралык тил күнү, Эне тил күнү, жылда иш- чаралар өтүлөт. Ошого карата жыл бою көркөм окууга даярдаса болот.

Жогорку айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. 5-11-класстарда кыргыз тили жана адабияты сабактарынын берилиши канааттандырарлык деп бааланскн.
2. Баардык эле тил, адабият сабактарынан берген мугалимдерге көркөм окууга, дилбаян жазууга, окуучулардын жазуу стилине, сүйлөмдөрдү талдоону колго алуу жагы милдеттендирилсин.
3. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Сулаймановага жүктөлсүн.

Каралуучу 2-маселе боюнча Сулайманова билдирүү жасады: „ Башталгыч класстардын окуу техникасын текшерип, 1-2-чейректеги текшерүүлөр менен салыштырып, бир аз болсо дагы жылыштар бар экендиги билинди”. ( маалымдама тиркелет)

Сунуш: маалымдамада көрсөтүлгөндөй класс жетекчилер май айынын аягына чейин жетишпеген окуучулар менен иш жүргүзүлсүн. Жазгы , жайкы каникулдарда ата-энелерине тапшырма берилсин. 1-а,б, 2-а, 4-а класстын мугалимдерине эскертүү менен үйдөгү 1-2 пунктка дагы кошумча сабак расписаниеге кошулсун.

Абылгазиева Н. –Ар бир жумада окуу техникасын насаатчы Акматканова А.Ч. текшерип анализ берип турсун.

Жарыш сөздөр: Оторбаева Г.М. -1-а класс 25 окуучунун жарымы нормага жетпейт экен. Назира быйыл жаңы иштеп жатасың, бирок аракет кылуу керек. Ата-энелер менен байланышты күчөтүп, жардам берүүсүн талап кылуу керек. Насаатчы Акматканова А. жардам бериңиз.

Кармышова А. –Башталгыч класстан начар окуган окуучу жогорулаганда кантип окуйт? Начар болуп жатпайбы. Сиздер туура жазганды, окуганды үйрөтүп берсеңер андан ары жакшы өздөштүрүп кетет. Ошондой эле башталгыч класстан көркөм окууга үйрөтсөңөр.

Кыйсаева Б. –Окуу техникасын окутуп эле жатабыз. 5 окуучу бар, 1-класстан бери эле нормага жетпей келе жатат. Кошумча деле берип жатам. Үйүндө ата-энеси көңүл бурбаган окуучулар.

Акматканова А. –Күндө эле окуу техникасын окутам. Классымда 25 окуучу. 8 окуучум нормага жетпейт. Бирок окушат.

Жогорку талкуунун негизинде чечим кылынат

Чечим:

1. 2-4-класстардын окуу техникасынын жыйынтыгы талапка жооп бербегендиктен май айынын аягына чейин кошумча сабак өтүү жагы жүктөлсүн.

2. Жаш мугалим Абылгазиевага насаатчы Акматканова жума сайын окуу техникасын текшерип туруу милдеттендирилсин.
3. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Сулаймановага жүктөлсүн.

Каралуучу 3-маселе боюнча Усулдук кеңешменин жана Усулдук бирикменин жетекчилерине сөз берилди.

Усулдук бирикменин жана кеңешменин жетекчилери маалымдамаларды окушту. (маалымдама тиркелет)

Сулайманова Г. –Усулдук кеңешменин жана Усулдук бирикменин иштеринде сунуш, чечим жасалган эмес. Анализ жазууда факты менен жазуу керек. Негизинен план боюнча берилген. Иш-чаранын баардыгы эле аткарылып жатат. Предметтик декадалар өткөрүлдү. Чыгармачылык сабактар план боюнча баардыгы өткөрүлдү.

Оторбаева Г. –Райондук текшерүүдө дагы маалымдамалар толук эмес. Чечим, сунуштар жазылган эмес деп жыйынтык чыгарды. Ошондуктан сунуш жазганды, чечим чыгарганды колго алуу керек.

Кеңешме чечим чыгарат.

Чечим:

1. Усулдук кеңешменин жана Усулдук бирикменин жетекчилерине ар бир айда өтүлгөн ачык сабактардын маалыматын толук жазуу, сунуш , чечим чыгарууну колго алышсын.
2. Протокол жазууну туура жазууга үйрөнүү милдеттендирилсин.
3. Окуучулардын билим сапатын көтөрүү үчүн шыктуу балдар менен иш алып барууну колго алынсын.
4. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Сулаймановага Г. Милдеттендирилсин.

Каралуучу 4-маселе боюнча мектептин китепканачысы И.Бозумовага сөз берилди:

Угулду: китепкананын фондунда 5173 китеп бар, анын ичинде кыргыз класс үчүн 2978китеп, орус класс үчүн 2195 китеп бар. 2018-2019-окуу жылына карата кыргыз класс үчүн 2370 китеп, орус класс үчүн 1418 китеп таратылган. Райондон 2018-2019-окуу жылына карата 5-6- жана 3-класстар үчүн 311 китеп, мугалимдер үчүн 59 колдонмо китеп алынып келинди. Камкорчулар тарабынан 2-3-4-8-10-11-класстарга 229 китеп алынып берилди. (таблица тиркелет)

Жарыш сөзгө чыккандар:

Оторбаева Г. –Китептердин сакталышына көз салсаңар. Кандай иш-чаралар өткөрүлдү?

Жооп: „ Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына карата окуу конференция болду. Бурч уюштурулду. Эл аралык тил күнүнө карата бурч уюштурулду. 3 жолу рейд китептердин абалы боюнча жүргүзүлдү".

Оторбаева Г. - Окуучулар китеп алып окуп жатабы?

Жооп: кичинекей класстар китеп алып окушат. Чоң класстардан сабакка керек болсо алышат.

Сулайманова Г.Б. -5-6-класска келген кийинки китептердин сырткы мукабалары жука экен, айрылып жатат.

1. Китептендин сакталышына ар бир предметтик мугалим, класс жетекчилердин көнүл буруу жагы милдеттендирилсин.
2. Китепкананын иши жандандырылып, китеп окуучулардын санын көбөйтүү жагы класс жетекчилерге, китепканачыларга , предметтик мугалимдерге жүктөлсүн.
3. Чечимдин аткарылышына көзөмөлдөө А.А.Карагуловага милдеттендирилсин.

Ар кандай маселелер:

Мектеп директору билдирүү жасады:

Угулду: ,,Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлигинен" 2019-жыл 27.02. №03 1/1322 телефонограммасы менен тааныштырды, ,, 48 сааттын ичинде жоголуп кет" деген оюн социалдык сеттерде жүргөндүгүн окуучуларга тезинен иш -чара жүрг–зүү, ата-энелер менен иш алып баруу жана көзөмөл жүргүзүү ар бирибиздин милдетибиз.

Чечим:

1. Ар бир класс жетекчи, предметтик мугалимдер окуучулардын коопсуздугун, ден соолугун сактоо үчүн түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн.
2. Ата-энелер менен жолугушуу, жыйналыш өткөрүү класс жетекчилерге жүктолсүн.
3. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө мектеп директоруна, соц.педагогко милдеттендирилсин.

**Мектеп директору: Г.М.Оторбаева**
**Катчы: М.Жунушова**

# Протокол №4

## Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директорунун алдындагы кеңешмесинин көчүрмөсү

2019-жыл 30-апрель

Катышканы : 28 мугалим

Катышпаганы : жок

Каралуучу маселе:

1. Мамлекеттик окуу программасынын аткарылышы , экзаменге даярдык.
2. 4-а,б класстарынын кыргыз тил, орус тил, математика сабактарынан 2-билим баскычына даярданып жана өздөштүрүүсүн текшерүүнүн жыйынтыгы.
3. Мектепте мыйзамсыз акча чогултуу жөнүндө .

Кеңешменин жүрүшү:

Мектептин директору кеңешмени ачып, каралуучу маселе менен тааныштырды. Регламентти бекитти.

Каралуучу 1-маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Сулайманова Г.О сөз берилди:

„ Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны” өткөрүүнүн графиги менен тааныштырды. График илинет. „ Кут билим” газетасы №13 5-апрель 2019-жыл буйрук №304/1 2019-жыл 22-март. Окуу программанын аткарылышы боюнча төмөнкүлөрдү билдирди.

Кыргыз адабияты 5-11-класстар план аткарылат.

Орус тили план аткарылат.

Орус адабияты план аткарылат.

Чет тили план аткарылат.

Тарых план аткарылат.

Адам жана коом план аткарылат.

Адеп план аткарылат.

Математика план аткарылат.

Мекен таануу план аткарылат.

Физика план аткарылат.

Биология план аткарылат.

Химия план аткарылат.

География, информатика, сүрөт, музыка, дене тарбия, АЧД план аткарылат.

Предметтер боюнча программага бардыгы жетет. Суроо барбы?

- Суроо жок.

Жогорудагы билдирүүлөрдүн негизинде кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү үчүн класс жетекчилер, предметтиктер төмөнкүлөргө милдеттүү
   А) Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында негизги жана жалпы орто билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү жөнүндө жобону так аткаруу.
   Б) Класс жетекчилер ата-энелер менен байланышып Ж.М.А. жобосун жеткирүү.

2. Жогоруда жүргүзүлгөн мониторингдин негизинде окуу программасынын аткарылышы канааттандырарлык деп бааланснн

3.Чечимдин аткарылдышын козомолдоо мектеп администрациясына жуктолсун

Каралуучу экинчи маселе боюнча Сулайманова Г. О. Маалымат берди:

„ 25.04 – 3.04 чейин төмөнкүдөй комиссиянын курамы түзүлүп, 4-а,б класстардын билим сапаты, өздөштүрүүсү текшерилди".

Сулайманова Г.О. –Төр айым

Бозумов С. -мүчөсү

Сариева Ч. - мүчөсү

Тентимишова Г. - мүчөсү

Ырсалиева М. - мүчөсү

Сулайманова Г.Б. – мүчөсү.

Комиссиянын мүчөлөрү сабактарга катышып, анализ беришти жана жазуу иштерин алышты, окуу техникасын текшеришти. Төмөнкүдөй жыйынтыктар болду:( маалымдама тиркелет)

Сунуш: 1. Жетишпеген окуучулар менен 27-майдан 6-июнга чейин жекече иш алып барылсын

2. Жайкы каникулга үйгө тапшырмаларды беришсин.
3. Башталгыч класстын мугалимдери окуучулардын кол жазмасына дептерлерин системалуу текшерүүнү, окуу техникасына көңүл бурушсун.

Жарыш сөздөр:

Тентимишова Г. –Начар окуучулар менен иштөө керек. Такыр жетишпесе, ордуна калтыргыла! Башталгыч класста начар окуса, 2-тепкичте өздөштүрө албайт. 5-класста класс жетекчи болуучу мугалим ар бир окуучунун партфолиосу менен терең таанышып чыгуусу керек. Ата-эне менен тыгыз байланышта болуу керек.

Жогорудагы сунуш пикирлердин негизинде кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. 4-а,б класстын билим сапатын, өздөштүрүүсүнүн жыйынтыгы боюнча жалпы өздөштүргөн, бирок жетишпеген окуучулар менен жекече иштөө жана 7-майдан 6-июнга чейин Акматканова А. , Джумабаева Э. милдеттендирилсин.
2. Жалпы эле башталгыч класстын мугалимдерине окуучулардын кол жазмасына,

3. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Г.Сулаймановага жүктөлсүн.

Каралуучу 4-маселе боюнча мектептин директору Г.М.Оторбаева төмөнкүлөрдү билдирди:

Алдыда "Алиппе"майрамы, 4-класстарды бүтүрүү, 9-11-класстарды бүтүрүү кечелери, акыркы коңгуроо аземдери келе жатат. Иш-чаралар , мыйзамсыз акча чогултуулар, белек берүүлөр ата-энелер тарабынан болбосун. Ата-энелер менен түшундүрүү иштерин жүргүзгүлө.

Жарыш сөздөр:

Кармышова А. -11-класстын ата-энелери менен иш жүргүзгөн, эч кандай акча чогултуулар болбойт.

Окишева Г. -9-класстарда деле эч кандай мыйзамсыз акча чогултуулар болбойт.

Нуралиева Т. – Алиппе майрамында ата-энелер жөн гана келип катышат. Эч кандай ата-энелер тарабынан уюштуруу иштери болбойт.

Кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Мектепте мыйзамсыз акча чогултууга тыюу салынат.
2. Эгер класс жетекчилер ата-энелерге акча чогултуу жөнүндө сөз кылса жооп берет. Кызматтан кетет.
3. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө мектеп администрациясына жүктөлөт.

**Мектеп директору: Г.М.Оторбаева**
**Катчы: М.Жунушова**